ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

МАМБЕТАЛИЕВ
nbknu@mail.ru

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# МИДИН АЛЫБАЕВ ЖАНА АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ САТИРАСЫ

Мидиндин мурасында Калыгулга арналган ыр саптары бар. Улуу инсандын сөзүнө таянып, бийликтин бетине сын айткан салтты улаган. Кыргыз адабиятындагы сатиранын ыкмалары Калыгулдан башталган. Муну Мидин терең түшүнүп шакирт катары башын ийип мындай деген.

«Кадырына жетеер белек, эгер биз
Кадырласак, ар бир сөзун чечмелеп». [1]

Калыгулдун кадырына Мидин толук түрдө жетти. Мындай урпагы менен олуя сыймыктанмак, себеби ал жоокердик сапатты бийик койгон.

«Көгүчкөн учар жем чыкса,
Көк тулпар чуркаар тер чыкра,
Көңүлү тынар көпчүлүк
Көзгө токтоор эр чыкса». [2]

Ушундай эрдикти элине Мидин көрсөттү. Владимир Маяковскийге окшоп 20-кылымдын жоокер акыны болду, каламдын учун найзанын учуна те^еп. Улан кезинде эле окурманга таанылды. 1936-жылы Кубанычбек Маликов 19 жаштагы Мидиндин ырларына сын макала жазган. «Эн балапан жазуучубуз'» деп белгилеп, бир ырына катуу сынтаккан экен. Ошол ыры мына.

Кеч кирсе да чарчабайсың,
Күзгү кармап олтуруп,
Өзүңдү өзүн байкабайсын,
Бетке боёк толтуруп

Эми ушул какшык түрүндө берилген ургачынын көркөм элесинде Маликовго «бетке боёк толтуруп» деген сап негедир жакпай калыптыр. «Начар экен, уйкалыштык үчүн гана айтылыптыр» деп ал жыйынтык чыгарат.[3] Сынчыга же «бет», же «боёк» жакпадыбы, билбейм, бирок так ушул сөздөр бетти эмес эле ырды боёп турат го, муну алмаштырсак сыры жоголуп, иронизсы өчөт. Кыргызча айтсак, какшыгы качат.Бул жерде Мидиндин акын катары негизги күчү ачылып турат. Эмнеси болсо да, ошол кездеги «балапандар» мындай "корооздун" ырын жараталбайт эле. Эми Маликов өзу деле ошол учурда болгону 25 жашта экен. «Балапан» деген нерсени Аалы Токомбаевден үйрөнгөн.

Кийин, канаты чыкканда, Мидин «балапан» үчүн жообун берип, эпиграмма деген жанрды жандырды, «адабияттык парад» деген түшүнүктү киргизип. Мында А.Токомбаев менен К.Маликовдон башка дагы отуздай инсандар тизилген. Ооба, аксакалдарга калампирдей курч саптарды шилтеген. «Этек жагын ырдап кетпесе экен, эсине түшүп жаш чагы» деп Токомбаевге тамашасын арнаган. Маликовго мындай деген. «Бирок, шашып эле - бере салбаңыз будалап, артыңыздан жоо жургөн жок кубалап».[4]

Мидиндин чыгармачылыгы жөнүндө биринчилерден болуп кеңири илимий макаланы Санарбек Карымшаков 1966-жылы жазып, калыс сөздөрдү айткан. Ак кол айымдардын «алаканына чок болду», арамза төрөлөргө «атылган ок болду» деп.[5] Макалада автор Мидин «коммунизмдин чоң курулушуна чоң кол кабыш кыла алды» деген пикирин бериптир. Ырас, акын коммунизмди сындаган эмес, компартиянын чечимдерин

---

[1] Оторбаев К. Мидин эл арасында. –Бишкек: Турар, 2008. - 325-б.
[2] Улуу кыргыз көчү. Калыгул, Арстанбек… -Бишкек: Бийиктик, 2006. - 11-б.
[3] Мидин: Ырлар жана поэмалар. –Бишкек: Кыргызстан, 1996. - 4-б.
[4] Алыбаев М. Медерим. Ырлар, поэмалар, сатирала. – Бишкек, 2007. - 176-183-бб.
[5] Мидин. Тандалган ырлар. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1967. - 10-б.

колдогон, бирок жергиликтүү коммунистердин колбашчыларына жаккан жок д. Ошолордун аялдарынын абийирин ачып жатса кантип жаксын. Ошолор суйгөн "ак чүчтөрдү" шылдындап жана ошолорду колдогон "макоолорду" жанчып жатса жагат беле. Мына ушунун кесепетинен Мидиндин чыгармачылык жүзүн жапканга бир топ аракет жасашты ошондогу коммунисттер. Конкреттүү мисал керек болсо, кыргыз совет адабиятынын тарыхы боюнча 1970-жылы Москвадан чыккан академиялык китепти караңыз. Бул жерде Мидиндин чыгармачылыгы жөнундө болгону 8 сап сөз жазылган. Чалагайым маалыматты мындай деп беришкен.

"1947-жылы кичинекей жыйнагьт чыгып, ал саясый жана граждандык лирика менен бирге көбунчө суйүү лирикасы менен топтолду. 1949-жылы "Жаны ырлар" деген жыйнагы чыкты. Андан кийин ооруга байланыштуу көп убакытка жазбай калды. Сегиз жыл өткөндөн кийин гана, 1957-жылы "Ак чүч" деген сатиралык жыйнагын басмадан чыгарды. Бул китебин окурмандар жылуу кабыл алышты".[6]

Адабияттын тарыхын тузгөн кыргыздын окумуштуулары ушуга эле араң жараптыр. 1937-жылы латин тамгасы менен "Бактылуу жаштык" жана 1938-жыгты орус тамгасы менен басылган "Ырлар жыйнагы" аттуу китептерди булар окубаса керек, автордун өзүн сегиз жыл такай көчөдөн көрбөсө керек. Акын ошол жылдары ооруканага жатыптырбы? Негедир Мидинге кевек келгенде адабиятчылар дароо мокоп калышып, анан "араван менен караванды" жазгандарды ийне-жибине чейин сүрөттөшкөн. Кызык.

1984-жылы Кадыркул Даутов Мидиндин чыгармачылыгы боюнча макала жазып, "кылымдар менен жарышка түшкөн акын" деп таамай баа берген.[7] Бирок макаланын автору Мидиндин союздук аренага чыга албагандын себебин ошол жылдарда саясый жана адабий чөйрөну башкарган кыргыздардан эмес, акындын өзунөн көрөт да, анан "потенцияда жаткан мумкунчулуктөрун аягына чейин ачалбай калды" дейт.[8] Бул дагы кызык. Мидиндин "потенциясы" жетиштүу эле болгон, кудайга шүгүр. Себеп башкада. Мидиндей сатирикти союздун аренасына чыгарсак чатак чыгат анан бизди жоопко тартышы мумкун деп коркушкан. Булар чоочугандан кийин котормочулар да чоочуп калышкан. Мидиндин өзүнө союздук аренанын кереги деле жок эле, себеби жалпы совет элине эмес кыргыз элине жазган. Ооба, соцреализмдин талаптары учун акындын "потенциясын" пайдаланышты, бирок бул тарапта көрүнуктуу жанл үлгүлүу көрсөтмө курал катары эч качан болгон эмес.

Мидин кыргыз адабиятына сатиранын жолун салган. Поэзияга *жаңы* ыкмаларды киргизип, жацы темаларды ачып, жаңы дем берген. Өткүр какшыгы экинчи эмес биринчи (сынчылар "экинчи" деп баалашкан) өзгөчөлүгү болуп чыкты. Муну асмандан алган жок, эл оозеки чыгармалардан, илгерки акындардан (Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Гоктогулдан), замандаштарынан жана, албетте, орус адабиятынь,'н классиктеринен (өзгөчө, Пушкин менен Маяковскийден) алып, бийик де^гелде өздөштүргөн. Мидиндин адабиятыбызга киргизген жанылыктьш негизги жагы эмнеде деп сурасак, илимпоз К.Даутовдун сөзүн келтириш керек.

"Кыскасы, М.Алыбаевге чейин эле улуттук адабиятыбызда сатиралык жакшы салттары топтолуп калганы белгилүү. Бирок профессионал поэзиядагы профессионал сатира нагыз эле тилине М.Алыбаев менен Р.Шукуубековдун чыгармачылыгында гана толук ээ боло алды". [9]

Кыска сөз таланттын атасы дегендей, Мидин ушул жактан накта чеберчиликти көрсөттү. Эки сөз менен көрком элести жаратуу Пушкин менен Чеховдун деңгелиндей авторлорго гана таандык нерсе. Мындай жазуучуларды "сөздун улуу сүрөтчусү" дешет. Эки эле мисал келтирели.

---

[6] История киргизской советской литературы. - М.: Наука, 1970. - С. 237

[7] Мидин: Ырлар жана поэмалар. – Б.: Кыргызстан, 1996. - 9-6.

[8] Мидин: Ырлар жана поэмалар. – Б.: Кыргызстан, 1996. - 26-6.

[9] Ошол эле жерде. - 22-6.

"Бирөө бар:
Көкүлүнүн асты -
Бөксө болгон менен,
Көкүрөгү бийик".[10]

Эки эле сөз - "көкүл" жана "көкурөк". Жөнөкөй сөздөр, бирок "портрет" заматта тартылап жатпайбы. "Бөксө" жандын портрети. Деңгели жапыс, көкурөгу бийик, акылы кыска. Башка сөз менен айтсак, мансапка чардайган бир макоонун элеси көз алдыбызда бакырайып турат. Бирок макоону макоо деп миң, жолу айтса^ да көркөм элес жаралбайт. Автор муну бир эле шилтем менен сүроттөл салды. Калемдин учу менен "көкүлдүн астын" чийип койду, болгону эле ушу. Арабызда мындайлар жок бекен. Толтура, азайбайт, бирок Мидиндей буларды эч ким көркөмдөй алган жок. Дагы бир мисал.

«Жер сонун, эл Да сонун, кары-жашы,
Көйкөлөт көркүн ачып, өзөн, сазы,
Калдайган колхоз малын куттукташат,
Каркылдап каадасынча өрдөк-казы».[11]

Бул жерде да болгону эки эле сөз - "колхоз" менен "өрдөк". Бөксө адамдын портрети жок, бирок бөксө доордун панорамасы тартылып турат. Ушунун эң түбүндө акындын какшыгы катылган. Биринчи майдагы парадда баскан (ал жылдары баары тең басышкан) кары менен жаштардын буттарынын жанында өрдөк менен каз көзгө илинип атат. Жылмайып карасаң, буларды байкабай каласың. Илимпоз агайым Санарбек Карымшаков байкабаган үчүн ушул сапты келтирип, "сергек акын майрамдык көрүнүштүн жаркын настроениесин көруп май күнундөй ачык полотно түзөт» деп кулкүнү пайда кылды. Ошол күндөрдө ушундай "серьезный" майрамды каз-өрдөк аркылуу ким даназалаптыр? Кептин сыры мындай. Акын бул ырын "Май" деп атап койгон, "сергек изилдөөчүлөр адашпасын деп. Ооба, "май" дегенде совет доордун окурманынын көз алдына мамлекеттик аянтта чон, салтанат менен өтчу парады "полотнодой" болуп ачык көрунөт. Элдин баары аянтка "настроение" менен чогулган. Анан акын бул майрамга "өрдөк" менен "каздарды" киргизип салып, каркылдатып колхоздорду экономикалык жешиткендиктери менен куттуктап жатпайбы. Ким жасайт эле дагы мындайды? Башкалар ошондо эмгекчил калкты ыр менен куттукташ үчүн каз-өрдөк эмес эле пахта терген кыз-келиндерди көрсөтүп журүшкөн.

Мидиндин бул ырында кыргыздын какшыгы ("ирония" деп коюшат муну адабиятчылар жумшартып) кашайып турат. Каз-өрдөктөр аянт^а басып трибунадагы жетекчилерге "жашасын компартия" деп канатын жаймак беле. Тамашасы жок айтсак, мындай. Сатириктин найзасы майрам күндөрдө да мокобойт. Сатирик партия үчүн күкүк болбойт, тескерисинче, даражалуу кукүктөргө кыжыры келет. Сатирик катары Мидин майрамдаган жок, отпускага чыккан жок, больницага жаткан жок. Өлгөн кунунө чейин тынбай иштеди.

Эң акыркы ырын "Ала-Тоо" кинотеатрдын астында 1959-жылдын 2 декабрында жаштарга окуп бериптир. Ал кезде шаарыбыздын ушул жери акын менен ырчылар учун чыгармачылыктын майданы болгон, Таланттуу жаштардын баары тенубул жерге чогулушчу. Өзүнчө бир ыиык аянтка айланган. Ошол куну жаштардын арасында Эрнис Турсунов да бар экен. Ырды жаттап калыптыр. Төрт күндөн кийин Мидин Алыбаевдин өмүрү кыйылды. Акыркы ыры болсо 2007-жылы "Кайрыламын" деген ат менен басылып чыкты.

"Кайрыламын! Силерсиңер катарым,
Ушул күндө уу жуткандай капамын.
Арак деген азап оору болбосо,
Анча деле жок эле го чатагым.

---

[10] Мидин. Тандалган ырлар. - Фрунзе, 1967. - 10-6
[11] Мидин. Тандалган ырлар. - Фрунзе, 196. - 10-6.

Кийинчерээк ылдый тушуп баратат -
Коммунисттик, жазуучулук атагым.
Далай мага күтүп, тутуп келдиңер
Дагы бир жол кеңеш сурап жатамын..." [12]

Эми мына, ошол жылдан тартып биз улуу акыныбыздан кеңеш сурай турган учур жылдан жылга узарып эле келе жатат. Ошондон бери Мидинге "көкүлүнүн асты бөксө эмес" кыргыздардын акындары отчетторун берип жатышат. Баа жетпес Байдылда Сарыногоев бийик ашуудан бир берип кетти, Шайлообек Дуйшеев арабанын үстүнөн улам-улам берип келе жатат. Акындын тийгизген таасири токтобойт. Өзүнүн үзөнгүлөш досу Райкан Шүкүрбеков учурунда айтып кеткендей, Мидин Алыбаев "соолбос алтын булактын бири".[13]

Жалан эле поэзияга эмес, кыргыз адабиятындагы прозасына да сатирик катары из калтырды. Өзгөчө "фельетон" деген жанрга жол ачып берип, ушунун ыкмаларын кыргыздарга көрсөттү. Аттарынан эле байкагыла, "Баалуу байпак", "Шишиген киши", "Жейт деген эмне, "Конок койдон жоош эмес".[14] Ал эми биз азыр кеңири колдонуп жаткан "дүжүр" деген түшүнук "Дүжүр бука" атту фельетонунан башталган.

Мидиндин чыгармачылык таасири жөнүндөгу сөздүн аягына чыгалбайбыз, себеби таасир өтө терең.

**Адабияттар:**


1. Мидин. Тандалган ырлар. - Фрунзе, 1967.
2. Алыбаев М. Ангемелер. Фельетондор. Пьесалар. Очерктер. – Б.: Учкун, 1993.
3. Алыбаев М. Медерим. – Б.: Учкун, 2007.
4. Мидин: Ырлар жана поэмалар. – Б.: Кыргызстан, 1996.
5. История киргизской советской литературы. - М.: Наука, 1970.
6. Оторбаев К. Мидин эл арасында. – Б.: Турар, 2008.
7. Улуу кыргыз көчү. Калыгул, Арстанбек. - Б: Бийиктик, 2006.


[12] Алыбаев М. Медерим. – Бишкек:  Учкун, 2007. - 231-б.
[13] Ошол эле жерде. - 7-б.
[14] Алыбаев М. Ангемелер. Фельетондор. Пьесалар. Очерктер. – Бишкек: Учкун, 1993. - 133-158-беттер.